# ЕВРАЗИЯЛЫК ЭКОНОМИКАЛЫК БИРЛИКТИН СОТУ

## КОНСУЛЬТАТИВДИК КОРУТУНДУ

2017-жылдын 12-сентябры Минск шаары

Евразиялык экономикалык бирликтин Сотунун Чоң коллегиясы:
төрагалык кылуучу А.А. Федорцовдун,
баяндамачы-судья В.Х. Сейтимованын,
судьялар А.М. Ажибраимованын, Э.В. Айрияндын, Ж.Н. Баишевдин, Д.Г. Колостун, Т.Н. Нешатаеванын, Г.А. Скрипкинанын, А.Э. Туманяндын, К.Л. Чайканын курамында,
сот отурумунун катчысы Р.Г. Даулиевдин алдында иштин материалдарын изилдеп чыгып, баяндамачы-судьяны угуп,
Евразиялык экономикалык бирликтин Сотунун Статутунун 46, 47, 50, 68, 69, 73, 96, 98-пункттарын, Евразиялык экономикалык бирликтин Сотунун Регламентинин 72, 85-беренелерин жетекчиликке алып,
2014-жылдын 29-майындагы Евразиялык экономикалык бирлик жөнүндө келишимдин жоболоруна түшүндүрмөлөрдү берүү тууралуу Евразиялык экономикалык комиссиянын арызы боюнча төмөнкү Консультативдик корутундуну берет:

## I. Арыз ээсинин маселеси

Евразиялык экономикалык комиссия (мындан ары – арыз ээси, ЕЭК, Комиссия) Евразиялык экономикалык бирликтин Сотуна (мындан ары - Сот) 2014-жылдын 29-майындагы Евразиялык экономикалык бирлик жөнүндө келишимдин (мындан ары - Келишим) жоболоруна түшүндүрмөлөрдү берүү жөнүндө арыз менен кайрылган.

Арызда Комиссиянын иштөө практикасында Комиссиянын кызматкерлери менен Комиссиянын ортосундагы эмгектик укуктук мамилелерди өзгөртүү же токтотуу зарылдыгынын учурунда Келишимдин жоболорун колдонууга байланышкан талаш маселелер келип чыгып жаткандыгы көрсөтүлөт. Арыз ээси мындай маселелерге, атап айтканда, Комиссиянын демилгеси боюнча эмгектик укуктук мамилелерди өзгөртүүнү же токтотууну таандык кылат, мисалы, уюштуруучулук-штаттык иш-чараларды өткөрүүдө.

Арыз ээсинин Келишимдин 9-беренесинин 3-пункту Комиссиянын департаменттеринде кызмат орундарын ээлөөгө талапкерлер сынактык негизде гана тандалып алына тургандыгы жөнүндө милдеттүү ченемди